# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОДЕКСИ

# КОДЕКС КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Кыргыз Республикасынын**
**Санарип кодекси**

2025-жылдын 18-июнунда

Кыргыз Республикасынын
Жогорку Кеңеши кабыл алган

## ЖАЛПЫ БӨЛҮК

## I БӨЛҮМ
## САНАРИП ЧӨЙРӨСҮНДӨ УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУНУН НЕГИЗДЕРИ

### 1-глава. Жалпы жоболор

#### 1-берене. Ушул Кодексте камтылган негизги түшүнүктөрдүн аныктамасы

Ушул Кодексте төмөнкүдөй негизги түшүнүктөр жана алардын аныктамалары колдонулат:

1) **автоматтык чечим** – санарип дайындарынын негизинде санарип дайындарын иштеп чыгуунун натыйжалары адамдын катышуусуз укуктук мамилелердин пайда болуусу, өзгөрүүсү же токтотулушу үчүн түзүлгөндөй жана пайдаланылгандай кабыл алынган чечим;

2) **санарип документинин автору** – санарип кол тамгасы же идентификатору санарип документине тиешелүү болгон санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин субъекти;

3) **ырастоочу борборду аккредитациялоо** – Улуттук санарип экотутумунун (мындан ары – улуттук экотутум) тармактык жөнгө салуучусу тарабынан ырастоочу борбордун ушул Кодексте жана ага ылайык кабыл алынган ченемдик укуктук актыларда белгиленген талаптарга шайкеш келүүсүн таануу;

4) **көрсөтүү-уктуруу сервистери** – теле-, радиоканалдарды жайылтуу, анын ичинде теле-, радиоканалдарды көрсөтүү-уктуруу мультиплекстерине пакеттөө үчүн гана багытталган телекоммуникациялык сервистер;

5) **виртуалдык оператор** – телекоммуникациялык сервисти берүү үчүн Кыргыз Республикасынын санарип номерлештирүү ресурсун же санарип радио жыштык

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОДЕКСИ

# КОДЕКС КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Цифровой кодекс Кыргызской Республики**

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики — 18 июня 2025 года

## ОБЩАЯ ЧАСТЬ

## РАЗДЕЛ I
## ОСНОВЫ ПРАВОВОГО РЕГУЛИРОВАНИЯ В ЦИФРОВОЙ СРЕДЕ

### Глава 1. Общие положения

#### Статья 1. Определение основных понятий, содержащихся в настоящем Кодексе

В настоящем Кодексе применяются следующие основные понятия и их определения:

1) **автоматическое решение** – решение, принятое на основе цифровых данных таким образом, чтобы результаты обработки цифровых данных формировались и использовались для возникновения, изменения или прекращения правоотношений без участия человека;

2) **автор цифрового документа** – субъект правоотношений в цифровой среде, цифровая подпись или идентификатор которого относится к цифровому документу;

3) **аккредитация удостоверяющего центра** – признание отраслевым регулятором Национальной цифровой экосистемы (далее – нацэкосистема) удостоверяющего центра соответствующим требованиям, установленным настоящим Кодексом и принятым на его основе нормативным правовым актам;

4) **вещательные сервисы** – телекоммуникационные сервисы, предназначенные исключительно для распространения теле-, радиоканалов, включая пакетирование теле-, радиоканалов в вещательные мультиплексы;

5) **виртуальный оператор** – поставщик телекоммуникационного сервиса, использующий для целей его предоставления цифровой ресурс нумерации или цифровой радиочастотный ресурс Кыргызской Республики, но не являющийся владельцем телекоммуникационных сетей в Кыргызской Республике;

ресурсун пайдаланган, бирок Кыргыз Республикасында телекоммуникациялык тармактардын ээси болуп саналбаган аны берүүчү;

6) **жеке жазмалардын ээси** – жеке дайындарды иштеп чыгуу максаттарын жана ыкмаларын өз алдынча же башка жактар менен биргеликте аныктоочу санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин субъекти;

7) **санарип кол тамгасын текшерүү ачкычынын сертификат ээси** – ушул Кодексте белгиленген тартипте ырастоочу борбор тарабынан санарип кол тамгасын текшерүү ачкычынын сертификаты берилген санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин субъекти;

8) **санарип ресурсунун ээси** – ушундай санарип ресурсун өз алдынча же башка жактар менен биргеликте түзгөн же мыйзамдын же келишимдин негизинде санарип ресурсуна жетүүгө уруксат берүү же чектөө укугун алган санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин субъекти;

9) **санариптик технологиялык тутумдун ээси** – ушундай тутумду өз алдынча же башка жактар менен биргеликте түзгөн же болбосо ченемдик укуктук актыга же келишимге ылайык аны эксплуатациялоо укугун алган санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин субъекти;

10) **санарип экотутумунун ээси** – санарип экотутумунун эрежелерин өз алдынча же башка жактар менен биргеликте аныктоочу санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин субъекти;

11) **санарип жазмаларынын ээси** – санарип жазмаларын өз алдынча же башка жактар менен биргеликте түзгөн же мыйзамдын же келишимдин негизинде ушундай жазмаларга жетүүгө уруксат берүү же чектөө укугун алган санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин субъекти;

12) **жогорку жыштыктагы түзүлмө** – радионурландыруу аркылуу объекттерге физикалык таасир этүүгө арналган түзүлмө;

13) **мамлекеттик санарип сервиси (мындан ары – мамсервис)** – мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-милдеттерин, милдеттерин жана ыйгарым укуктарын аткаруу үчүн пайдаланылуучу санарип сервиси;

14) **мамлекеттик (муниципалдык) санарип ресурсу** – мамлекеттик органдар же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан мамсервистерди берүү максатында түзүлгөн санарип ресурсу;

15) **дипфейк** – бар адамдар, объекттер, кубулуштар же окуялар менен олуттуу окшоштуктарды көрсөтүүчү жана жеке адамдарда мындай сүрөттөлүштөрдүн же материалдардын аныктыгы жөнүндө жалган таасир калтырууга жөндөмдүү сүрөттөлүштөрдү же аудио-, видеоматериалдарды түзүү же өзгөртүү;

16) **ишенимдүү үчүнчү тарап** – чет мамлекеттин укук ченемдерине ылайык түзүлгөн санарип кол тамгаларынын жана ушул Кодекске ылайык түзүлгөн санарип кол тамгаларынын аныктыгын биргеликте таанууну камсыз кылуучу жак;

17) **ишенимдүү санарип сервиси** – санарип чөйрөсүндө мамилелердин пайда болуусун, өзгөрүүсүн же токтотулушун ырастоого багытталган санарип сервиси;

18) **идентификатор** – ушундай маалыматты камтыган санарип жазмаларын өз ара жана санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин субъекти менен байланыштырууга мүмкүндүк берүүчү кандай болбосун маалымат, анын ичинде код, шифр, номер же дарек;



6) **владелец персональных записей** – субъект правоотношений в цифровой среде, который самостоятельно или совместно с другими лицами определяет цели и способы обработки персональных данных;

7) **владелец сертификата ключа проверки цифровой подписи** – субъект правоотношений в цифровой среде, которому в порядке, установленном настоящим Кодексом, удостоверяющим центром выдан сертификат ключа проверки цифровой подписи;

8) **владелец цифрового ресурса** – субъект правоотношений в цифровой среде, который самостоятельно или совместно с другими лицами создал такой цифровой ресурс или получил на основании закона или договора право разрешать или ограничивать доступ к цифровому ресурсу;

9) **владелец цифровой технологической системы** – субъект правоотношений в цифровой среде, который самостоятельно или совместно с другими лицами создал такую систему либо получил право на ее эксплуатацию в соответствии с нормативным правовым актом или договором;

10) **владелец цифровой экосистемы** – субъект правоотношений в цифровой среде, самостоятельно или совместно с другими лицами определяющий правила цифровой экосистемы;

11) **владелец цифровых записей** – субъект правоотношений в цифровой среде, который самостоятельно или совместно с другими лицами создал такие записи или получил на основании закона или договора право разрешать или ограничивать доступ к цифровым записям;

12) **высокочастотные устройства** – устройства, предназначенные для физического воздействия на объекты посредством радиоизлучения;

13) **государственный цифровой сервис (далее – госсервис)** – цифровой сервис, используемый для выполнения функций, обязанностей и полномочий государственных органов и органов местного самоуправления;

14) **государственный (муниципальный) цифровой ресурс** – цифровой ресурс, созданный в целях предоставления госсервисов государственными органами или органами местного самоуправления;

15) **дипфейк** – создание или изменение изображений или аудио-, видеоматериалов, демонстрирующих значительное сходство с существующими лицами, объектами, явлениями или событиями и способных создать у физических лиц ложное впечатление о достоверности таких изображений или материалов;

16) **доверенная третья сторона** – лицо, обеспечивающее совместное признание подлинности цифровых подписей, созданных в соответствии с нормами права иностранного государства, и цифровых подписей, созданных в соответствии с настоящим Кодексом;

17) **доверенный цифровой сервис** – цифровой сервис, направленный на удостоверение возникновения, изменения или прекращения отношений в цифровой среде;

18) **идентификатор** – любая информация, в том числе код, шифр, номер или адрес, позволяющая связывать цифровые записи, содержащие такую информацию, между собой и с субъектом правоотношений в цифровой среде;

19) **идентичность** – тождество субъекта самому себе на протяжении правоотношений;

19) **идентүүлүк** – укуктук мамилелер учурунда субъекттин өзүнө өзү окшоштугу;

20) **маалымат** – санарип дайындарынын, санарип жазмаларынын адамдын кабыл алуусу үчүн түздөн-түз жеткиликтүү болгон мазмуну (контенти);

21) **жеке мүнөздөгү маалымат** – ушул маалыматтын негизинде же болбосо жазмалардын ээсинин ага жетүү же аны алуу мүмкүнчүлүгү бар башка маалымат менен жыйындысында ушул маалыматтын негизинде идентификацияланышы мүмкүн болгон жеке жак жөнүндө (анын аныктыгына карабастан) маалымат;

22) **инфратүзүм** – жерлер (жер тилкелери), имараттар, курулуштар, курулмалар жана башка ушул сыяктуу объекттер;

23) **санарип чөйрөсүндөгү инцидент** – санарип жазмаларынын толук эместигине, анык эместигине, актуалдуу эместигине же санарип сервистеринин же санариптик технологиялык тутумдардын жеткиликтүү эместигине же ишинин бузулушуна алып келүүчү окуя же иш-аракет;

24) **кол тамганы текшерүү ачкычынын квалификацияланган сертификаты (квалификацияланган сертификат)** – аккредиттелген ырастоочу борбор же аккредиттелген ырастоочу борбордун ишенимдүү адамы, же болбосо түпкү ырастоочу борбордун иш-милдеттерин жүзөгө ашыруучу тармактык жөнгө салуучу тарабынан берилген кол тамганы текшерүү ачкычынын сертификаты;

25) **ачкыч** – идентификатор тийиштүү жакта бар болгон жана мындай жакты ал пайдаланган идентификатор менен бир мааниде байланыштыруучу кандай болбосун маалымат (код, шифр);

26) **санарип кол тамгасын текшерүү ачкычы** – санарип кол тамга ачкычы менен бир мааниде байланышкан жана санарип кол тамгасынын аныктыгын текшерүүгө арналган символдордун уникалдуу ырааттуулугу;

27) **санарип кол тамга ачкычы** – санарип кол тамгасын түзүүгө арналган, символдордун уникалдуу ырааттуулугу;

28) **радио жыштыктарды конверсиялоо** – Радио жыштыктарды бөлүштүрүүнүн улуттук таблицасында белгиленген радио жыштык тилкелерин же алардын бөлүктөрүн төмөнкүдөй көчүрүү процесси:

а) өкмөттүк пайдалануу категориясынан жарандык же биргелешкен өкмөттүк жана жарандык пайдалануу категориясына;

б) биргелешкен өкмөттүк жана жарандык пайдалануу категориясынан жарандык пайдалануу категориясына;

29) **дайындарды конструктивдүү коргоо** – пайдалануучулардын кызыкчылыктарына багытталган жана санарип жазмаларынын тутумунда иштелип чыгуучу жана анын жардамы менен берилүүчү санарип сервистеринин иштөө түрмөгүн эске алуучу технологиялык тутумдардын конструкциясынын негизинде дайындарды коргоо;

30) **байланыш маалыматы** – санарип чөйрөсүндө ал тийиштүү болгон жак менен байланышууга арналган идентификатор;

31) **координациялоочу орган** – Кыргыз Республикасынын санариптик трансформациялоо процессинде мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, юридикалык жактардын ишин тармактар аралык жана ведомстволор аралык координациялоону жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;



20) **информация** – содержание (контент) цифровых данных, цифровых записей, непосредственно доступное для восприятия человеком;

21) **информация** персонального характера – информация (независимо от ее достоверности) о физическом лице, которое может быть идентифицировано либо на основании этой информации, либо на основании этой информации в совокупности с другой информацией, к которой владелец записей имеет доступ или может его получить;

22) **инфраструктура** – земли (земельные участки), здания, строения, сооружения и иные аналогичные объекты;

23) **инцидент в цифровой среде** – событие или действие, приводящее к неполноте, недостоверности, неактуальности цифровых записей, недоступности или нарушению функционирования цифровых сервисов или цифровых технологических систем;

24) **квалифицированный сертификат ключа проверки цифровой подписи (квалифицированный сертификат)** – сертификат ключа проверки цифровой подписи, выданный аккредитованным удостоверяющим центром или доверенным лицом аккредитованного удостоверяющего центра либо отраслевым регулятором, осуществляющим функции корневого удостоверяющего центра;

25) **ключ** – любая информация (код, шифр), имеющаяся у лица, к которому относится идентификатор, и однозначно связывающая такое лицо с используемым им идентификатором;

26) **ключ проверки цифровой подписи** – уникальная последовательность символов, однозначно связанная с ключом цифровой подписи и предназначенная для проверки подлинности цифровой подписи;

27) **ключ цифровой подписи** – уникальная последовательность символов, предназначенная для создания цифровой подписи;

28) **конверсия радиочастот** – процесс перевода полос радиочастот, определенных в Национальной таблице распределения радиочастот, или их частей:

а) из категории правительственного использования в категорию гражданского или совместного правительственного и гражданского использования;

б) из категории совместного правительственного и гражданского использования в категорию гражданского использования;

29) **конструктивная защита данных** – защита данных на основе конструкции технологических систем, ориентированной на интересы их пользователей и учитывающей жизненный цикл обрабатываемых системой цифровых записей и предоставляемых с ее помощью цифровых сервисов;

30) **контактная информация** – идентификатор, предназначенный для связи в цифровой среде с лицом, к которому он относится;

31) **координирующий орган** – уполномоченный государственный орган, осуществляющий межотраслевую и межведомственную координацию деятельности государственных органов, органов местного самоуправления, юридических лиц в процессе цифровой трансформации Кыргызской Республики;

32) **метаданные** – структурированные цифровые данные, характеризующие любые цифровые объекты правоотношений в цифровой среде для их идентификации, поиска и управления ими;

33) **мобильное устройство** – цифровое устройство, имеющее международный идентификационный код (IMEI);

32) **метадайындар** – санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин кандай болбосун санарип объекттерин аларды идентификациялоо, издөө жана башкаруу үчүн мүнөздөөчү түзүмдөштүрүлгөн санарип дайындары;

33) **мобилдик түзүлмө** – эл аралык идентификациялык коду (IMEI) бар санарип түзүлмөсү;

34) **улуттук экотутум** – Кыргыз Республикасы ээси болуп саналган улуттук (жалпы мамлекеттик) санарип экотутуму;

35) **иштеп чыгуу** – санарип дайындары (санарип жазмалары) менен жасалуучу кандай болбосун иш-аракет (операция) же иш-аракеттердин (операциялардын) жыйындысы, анын ичинде жыйноо, жазуу, уюштуруу, түзүмдөштүрүү, топтоо, сактоо, адаптациялоо же өзгөртүү, жүктөө, карап чыгуу, пайдалануу, берүү аркылуу ачыкка чыгаруу, таратуу, алмашуу же жеткиликтүүлүк берүүнүн башка түрү, салыштыруу же аралаштыруу, кыскартуу, алып салуу же жок кылуу;

36) **иштеп чыгуучу** – башка субъекттер келишимдин же укуктук актынын негизинде санарип жазмаларын иштеп чыгууну, санариптик технологиялык тутумдарды эксплуатациялоону же санарип сервистерин берүүнү жүзөгө ашырууну, ага тете санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин объекттерине жеткиликтүүлүктү жүзөгө ашырууну тапшырган санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин субъекти;

37) **жалпыга жеткиликтүү санариптик технологиялык тутум** – мыйзамга, келишимге же ээсинин чечимине ылайык жеткиликтүүлүк чектелбеген санариптик технологиялык тутум;

38) **жалпыга жеткиликтүү санарип жазмалары** – мыйзамга, келишимге же ээсинин чечимине ылайык жеткиликтүүлүк чектелбеген, анын ичинде ачык дайындарды камтыган санарип жазмалары;

39) **ачык дайындар** – аларды кайрадан пайдаланууга чектөөлөрсүз машинада окулуучу форматта жеткиликтүү болгон санарип дайындары;

40) **тармактык жөнгө салуучу** – иштин тиешелүү чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин субъекттери үчүн милдеттүү текшерүүлөрдү жүргүзүүнү жана чечимдерди кабыл алууну, ал эми ушул Кодексте каралган учурларда уруксаттарды (лицензияларды) берүүнү дагы жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;

41) **корголуучу байлыктар** – адамдардын өмүрү жана саламаттыгы, адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери, айлана-чөйрө, мамлекеттин коргонуу жөндөмдүүлүгү, мамлекеттин улуттук коопсуздугу, коомдук тартип жана адеп-ахлактуулук;

42) **жеке дайындар** – жеке мүнөздөгү маалыматты камтыган санарип дайындары;

43) **жеке жазмалар** – жеке мүнөздөгү маалыматты камтыган санарип жазмалары;

44) **жеке ресурстар** – жеке жазмалардан турган санарип ресурстары;

45) **пайдалануучу** – санарип жазмаларына, санарип ресурстарына, санарип сервистерине же технологиялык тутумдарга жеткиликтүүлүктү сурап алуучу же жүзөгө ашыруучу санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин субъекти;

46) **санарип сервисин берүүчү** – пайдалануучуларга санарип сервисин өз алдынча же башка жактар менен биргеликте берүүчү санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин субъекти;



34) **нацэкосистема** – национальная (общегосударственная) цифровая экосистема, владельцем которой является Кыргызская Республика;

35) **обработка** – любое действие (операция) или совокупность действий (операций), совершаемых с цифровыми данными (цифровыми записями), включая сбор, запись, организацию, структурирование, накопление, хранение, адаптацию или изменение, загрузку, просмотр, использование, раскрытие посредством передачи, распространение, обмен или иной вид предоставления доступа, сопоставление или комбинирование, сокращение, удаление или уничтожение;

36) **обработчик** – субъект правоотношений в цифровой среде, которому иные субъекты поручили на основании договора или правового акта осуществлять обработку цифровых записей, эксплуатацию цифровых технологических систем или предоставление цифровых сервисов, а равно осуществлять доступ к объектам правоотношений в цифровой среде;

37) **общедоступная цифровая технологическая система** – цифровая технологическая система, доступ к которой не ограничен в соответствии с законом, договором или решением владельца;

38) **общедоступные цифровые записи** – цифровые записи, в том числе содержащие открытые данные, доступ к которым не ограничен в соответствии с законом, договором или решением владельца;

39) **открытые данные** – цифровые данные, доступные в машиночитаемом формате без ограничений на их повторное использование;

40) **отраслевой регулятор** – уполномоченный государственный орган, осуществляющий проведение проверок и принятие решений, обязательных для субъектов правоотношений в соответствующей сфере деятельности, а в случаях, предусмотренных настоящим Кодексом, также выдачу разрешений (лицензий);

41) **охраняемые блага** – жизнь и здоровье людей, права и свободы человека и гражданина, окружающая среда, обороноспособность государства, национальная безопасность государства, общественный порядок и нравственность;

42) **персональные данные** – цифровые данные, содержащие информацию персонального характера;

43) **персональные записи** – цифровые записи, содержащие информацию персонального характера;

44) **персональные ресурсы** – цифровые ресурсы, состоящие из персональных записей;

45) **пользователь** – субъект правоотношений в цифровой среде, запрашивающий или осуществляющий доступ к цифровым записям, цифровым ресурсам, цифровым сервисам или технологическим системам;

46) **поставщик цифрового сервиса** – субъект правоотношений в цифровой среде, самостоятельно или совместно с другими лицами предоставляющий цифровой сервис пользователям;

47) **потребитель** – физическое лицо, пользующееся цифровой технологической системой или цифровым сервисом в личных целях, не связанных с извлечением прибыли;

48) **правительственная сеть связи Кыргызской Республики (правительственная сеть)** – специальная интегрированная засекреченная телекоммуникационная сеть, предназначенная для ведения секретных переговоров и

47) **керектөөчү** – санариптик технологиялык тутумду же санарип сервисин киреше алуу менен байланышпаган жеке максаттарда пайдалануучу жеке жак;

48) **Кыргыз Республикасынын өкмөттүк байланыш тарамы (өкмөттүк тарам)** – мамлекеттик башкаруу, улуттук коопсуздук, коргоо, укуктук тартипти сактоо кызыкчылыгында жана өзгөчө кырдаалдарда мамлекеттик сырларды түзүүчү маалыматты пайдалануу менен ишти жүзөгө ашырууга тиешелүү уруксаты бар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мекемелеринин жана уюмдарынын (ишканаларынын), анын ичинде анын чегинен тышкары жайгашкан мекемелеринин ортосунда жашыруун сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө жана жашыруун маалыматтарды алмашууга, ошондой эле чет өлкөлүк компетенттүү мамлекеттик органдар менен жашыруун сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө жана жашыруун маалымат алмашууга арналган атайын интеграцияланган жашыруун телекоммуникациялык тарам;

49) **колдонулуучу мыйзамдар** – санарип чөйрөсүндөгү чет өлкөлүк жеке жана юридикалык жактардын катышуусундагы же болбосо башка чет өлкөлүк элементи менен татаалдаштырылган укуктук мамилелерге карата колдонулууга тийиш болгон, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине, Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерге, таанылган эл аралык салттарга ылайык, ошондой эле тараптардын макулдашуусунун негизинде аныкталган мыйзамдар;

50) **дайындардын (жазмалардын) принципалы** – санарип дайындары же жазмалары (башкача айтканда ал жөнүндө маалыматты камтыган) тиешелүү болгон санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин субъекти;

51) **мейкиндиктик дайындар** – мейкиндиктик объекттер жөнүндө, анын ичинде алардын таризи, жайгашкан жери жана касиеттери тууралуу маалыматты камтыган дайындар;

52) **мейкиндиктик метадайындар** – мейкиндиктик дайындарды идентификациялоо жана издөө үчүн зарыл болгон, алардын мазмунун жана башка мүнөздөмөлөрүн сыпаттоого мүмкүндүк берген дайындар;

53) **мейкиндиктик объекттер** – жайгашкан жери аныкталышы мүмкүн болгон жаратылыш объекттери, жасалма жана башка объекттер (анын ичинде имараттар, курулмалар);

54) **коомдук милдеттенмелер** – тармактык жөнгө салуучунун же аткаруу бийлигинин башка ыйгарым укуктуу органынын чечими менен жүктөлгөн, белгилүү иш-аракеттерди жасоо же радио жыштык спектрин пайдалануу менен байланышкан белгилүү бир ишти жүзөгө ашыруу милдеттенмеси;

55) **радио кызматы** – радио жыштык спектрин белгилүү бир максаттар үчүн пайдалануу;

56) **Кыргыз Республикасынын радио жыштык спектри** – Эл аралык электр байланыш бирлиги тарабынан белгиленген чектерде жайгашкан жана Кыргыз Республикасынын аймагында радиоэлектрондук каражаттардын же жогорку жыштыктагы түзүлмөлөрдүн иштеши үчүн пайдаланылышы мүмкүн болгон, радио жыштыктардын иреттелген жыйындысы болгон мамлекеттик чектелген ресурс;

57) **радиоэлектрондук каражаттар** – радио толкундардын жардамы аркылуу дайындарды берүүгө жана/же кабыл алууга, телеметрияга, радиолокацияга, индукциялык типтеги коммуникацияларга, ар түрдүү көрсөткүчтөрдү өлчөөгө арналган түзүлмө;



обмена секретной информацией между государственными органами, органами местного самоуправления, учреждениями и организациями (предприятиями) Кыргызской Республики, в том числе, находящимися за ее пределами, имеющими соответствующий допуск на осуществление деятельности с использованием информации, составляющей государственные секреты, в интересах государственного управления, национальной безопасности, обороны, охраны правопорядка и при чрезвычайных ситуациях, а также для ведения секретных переговоров и обмена секретной информацией с иностранными компетентными государственными органами;

49) **применимое законодательство** – законодательство, подлежащее применению к правоотношениям в цифровой среде с участием иностранных физических или юридических лиц либо осложненным иным иностранным элементом, определенное в соответствии с Гражданским кодексом Кыргызской Республики, иными законами Кыргызской Республики, международными договорами, вступившими в силу в соответствии с законодательством Кыргызской Республики, признаваемыми международными обычаями, а также на основании соглашения сторон;

50) **принципал данных (записей)** – субъект правоотношений в цифровой среде, к которому относятся цифровые данные или записи (то есть содержат информацию о нем);

51) **пространственные данные** – данные о пространственных объектах, в том числе включающие сведения об их форме, местоположении и свойствах;

52) **пространственные метаданные** – данные, которые позволяют описывать содержание и другие характеристики пространственных данных, необходимые для их идентификации и поиска;

53) **пространственные объекты** – природные, искусственные и иные объекты (в том числе здания, сооружения), местоположение которых может быть определено;

54) **публичные обязательства** – обязанность совершать определенные действия или осуществлять определенную деятельность, связанную с использованием радиочастотного спектра, возложенная решением отраслевого регулятора или иного уполномоченного государственного органа;

55) **радиослужба** – использование радиочастотного спектра для определенных целей;

56) **радиочастотный спектр** Кыргызской Республики – ограниченный государственный ресурс, представляющий собой упорядоченную совокупность радиочастот, которые расположены в пределах, установленных Международным союзом электросвязи, и могут быть использованы для функционирования радиоэлектронных средств или высокочастотных устройств на территории Кыргызской Республики;

57) **радиоэлектронные средства** – устройства, предназначенные для передачи и/или приема данных, телеметрии, радиолокации, коммуникаций индукционного типа, измерения различных параметров посредством радиоволн;

58) **распределенный цифровой ресурс** – цифровой ресурс, в котором создание и обработка цифровых записей осуществляется по общим правилам, а именно в соответствии с общими для используемых цифровых технологических систем протоколами обработки данных с использованием двух и более технических средств, распределенных в пространстве и принадлежащих различным владельцам такого ресурса;

59) **риск (в цифровой среде)** – сочетание вероятности и тяжести инцидентов в цифровой среде;

58) **бөлүштүрүлгөн санарип ресурсу** – санарип жазмаларын түзүү жана иштеп чыгуу жалпы эрежелер боюнча, атап айтканда колдонулуучу санариптик технологиялык тутумдар үчүн дайындарды иштеп чыгуунун жалпы протоколдоруна ылайык мейкиндикте бөлүштүрүлгөн жана ушундай ресурстун ар түрдүү ээлерине таандык болгон эки же андан көп техникалык каражаттарды пайдалануу менен жүзөгө ашырылуучу санарип ресурсу;

59) **тобокелдик (санарип чөйрөсүндө)** – санарип чөйрөсүндөгү инциденттердин ыктымалдуулугунун жана кесепеттеринин айкалышы;

60) **сайт** – интернетте домендик аталышты же даректи колдонуу менен аныкталуучу санарип ресурсу;

61) **санариптик бакубаттуулук сервиси** – жеке адамдын физиологиялык өзгөчөлүктөрү жөнүндө санарип дайындарын иштеп чыгуунун негизинде анын жашоо сапатын жакшыртууга багытталган сервис;

62) **санарип кол тамгасын текшерүү ачкычынын сертификаты** – ырастоочу борбор тарабынан берилген жана санарип кол тамгасын текшерүү ачкычынын сертификатынын ээсине санарип кол тамгасын текшерүү ачкычынын таандык экендигин тастыктаган санарип документи же кагаз жүзүндөгү документ;

63) **жасалма интеллект тутуму** – санарип дайындарынын жана адам тарабынан берилген максаттардын жыйындысынын негизинде автономдуулуктун белгилүү бир деңгээлинде божомолдорду, сунуштамаларды тариздөөгө же тышкы чөйрөдөгү субъекттердин же объекттердин абалына таасир этүүчү чечимдерди кабыл алууга жөндөмдүү санариптик технологиялык тутум;

64) **жогорку кооптуулуктагы жасалма интеллект тутуму** – аны пайдалануу корголуучу байлыктарга зыян келтирүү ыктымалдыгын арттырган жасалма интеллект тутуму;

65) **смарт-контракт** – санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин субъекттеринин ортосундагы бүтүмдүн тараптары караштырган санарип дайындары келип түшкөндө тараптардын катышуусуна карабастан аткарылуучу бүтүмдүн шарттарынын баары же бир бөлүгү алар түрүндө баяндалган санарип жазмаларынын жыйындысы, анын ичинде санарип түзүлмөлөрү үчүн программа;

66) **жеке мүнөздөгү маалыматты камтыган материалдык алып жүрүүчүлөрдүн менчик ээси** – жеке дайындар таризинде эмес берилген, жеке мүнөздөгү маалыматты камтыган материалдык алып жүрүүчүлөр анын менчигинде турган жак;

67) **ырастоочу борбордун каражаттары** – санарип кол тамгасын текшерүү ачкычынын сертификаттарын түзүү, сактоо жана берүү иш-милдеттерин ишке ашыруу, ошондой эле санарип кол тамгасын текшерүү ачкычынын сертификаттарынын реестрин жүргүзүү үчүн пайдаланылуучу программалык жана (же) аппараттык каражаттар;

68) **санарип кол тамга каражаттары** – төмөнкүдөй иш-милдеттердин жок дегенде бирин: санарип кол тамгасын түзүүнү, санарип кол тамгасын текшерүүнү, санарип кол тамга ачкычтарын жана санарип кол тамгасын текшерүү ачкычтарын түзүүнү ишке ашыруу үчүн пайдаланылуучу шифрлөөчү (криптографикалык) каражаттар;

69) **жеке дайындардын субъекти** – жеке дайындардын принципалы болуп саналган жеке жак;

70) **санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин субъекти** – Кыргыз Республикасы, башка мамлекеттер, мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча



60) **сайт** – цифровой ресурс, идентифицируемый с использованием доменного имени или адреса в интернете;

61) **сервис цифрового благополучия** – сервис, направленный на улучшение качества жизни физического лица на основе обработки цифровых данных о его физиологических особенностях;

62) **сертификат ключа проверки цифровой подписи** – цифровой документ или документ на бумажном носителе, выданный удостоверяющим центром и подтверждающий принадлежность ключа проверки цифровой подписи владельцу сертификата ключа проверки цифровой подписи;

63) **система искусственного интеллекта** – цифровая технологическая система, которая на основе цифровых данных и заданного человеком набора целей, способна с определенной степенью автономности формировать прогнозы, рекомендации или принимать решения, оказывающие влияние на состояние субъектов или объектов внешней среды;

64) **система искусственного интеллекта повышенной опасности** – система искусственного интеллекта, использование которой повышает вероятность причинения вреда охраняемым благам;

65) **смарт-контракт** – совокупность цифровых записей, в том числе программа для цифровых устройств, в виде которых изложены все или часть условий сделки между субъектами правоотношений в цифровой среде, которая исполняется независимо от участия сторон при поступлении цифровых данных, предусмотренных сторонами сделки;

66) **собственник материальных носителей с информацией персонального характера** – лицо, в собственности которого находятся материальные носители с информацией персонального характера, представленной не в форме персональных данных;

67) **средства удостоверяющего центра** – программные и (или) аппаратные средства, используемые для реализации функций создания, хранения и выдачи сертификатов ключа проверки цифровой подписи, а также ведения реестра сертификатов ключа проверки цифровой подписи;

68) **средства цифровой подписи** – шифровальные (криптографические) средства, используемые для реализации хотя бы одной из следующих функций: создание цифровой подписи, проверка цифровой подписи, создание ключей цифровой подписи и ключей проверки цифровой подписи;

69) **субъект персональных данных** – физическое лицо, являющееся принципалом персональных данных;

70) **субъект правоотношений в цифровой среде** – участник регулируемых настоящим Кодексом отношений, к которому относятся Кыргызская Республика, другие государства, государственные органы, органы местного самоуправления и их должностные лица, а также физические и юридические лица. Правила, установленные настоящим Кодексом, применяются к отношениям с участием иностранных граждан, лиц без гражданства, иностранных юридических лиц, иностранных государств, если иное не предусмотрено настоящим Кодексом или законом;

71) **телекоммуникации** – обмен цифровыми данными с другими пользователями посредством телекоммуникационного сервиса, в том числе путем доступа к цифровым данным, загруженным или созданным другими пользователями, а также голосовые соединения с другими пользователями посредством телекоммуникационного сервиса;

башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары, ошондой эле жеке жана юридикалык жактар тиешелүү болгон, ушул Кодекс менен жөнгө салынуучу мамилелердин катышуучусу. Ушул Кодексте белгиленген эрежелер, эгерде ушул Кодексте же мыйзамда башкача каралбаса, чет өлкөлүк жарандардын, жарандыгы жок адамдардын, чет өлкөлүк юридикалык жактардын, чет мамлекеттердин катышуусундагы мамилелерге карата колдонулат;

71) **телекоммуникациялар** – телекоммуникациялык сервис, анын ичинде башка пайдалануучулар тарабынан жүктөлгөн же түзүлгөн санарип дайындарына жетүү жолу аркылуу башка пайдалануучулар менен санарип дайындарын алмашуу, ошондой эле телекоммуникациялык сервис аркылуу башка пайдалануучуларга үн менен кошулуу;

72) **телекоммуникациялык тарам** – телекоммуникациялык сервисти берүүгө арналган санариптик технологиялык тутум;

73) **телекоммуникациялык курулма** – телекоммуникациялык тарамдарды жана (же) алардын элементтерин (анын ичинде, бирок алар менен чектелбестен, базалык станцияларды, антенналык-мачталык курулмаларды, антенналык-фидердик түзүлмөлөрдү, линиялык-кабелдик курулмаларды) жайгаштыруу үчүн түзүлгөн же ыңгайлаштырылган, капиталдык курулуш объекти болуп саналбаган телекоммуникациялардын операторунун инфратүзүмү;

74) **телекоммуникациялык сервис** – башка пайдалануучулар менен санарип дайындарын алмашуу максатында, анын ичинде башка пайдалануучулар тарабынан жүктөлгөн же түзүлгөн санарип дайындарына жетүү аркылуу пайдалануучуларга жеткиликтүү болгон санариптик технологиялык тутумдарды пайдалануу мүмкүнчүлүгү, ошондой эле телекоммуникациялык тарам боюнча үн менен кошулуу мүмкүнчүлүктөрү;

75) **жеке дайындарды чек ара аралык берүү** – жеке дайындарды башка мамлекеттердин юрисдикциясындагы жазмалардын ээлерине берүү;

76) **ырастоочу борбор** – санарип кол тамгасын текшерүү ачкычынын сертификаттарын түзүү жана берүү боюнча иштерди жүзөгө ашыруучу юридикалык жак же жеке ишкер;

77) **санариптик бакубаттуулук түзүлмөсү** – санариптик бакубаттуулук сервистеринин алкагында пайдаланылуучу санариптик технологиялык тутумдар жана алардын элементтери;

78) **жеке дайындардын чыгып кетүүсү** – анын натыйжасында жеке дайындар аларга жетүүсү үчүн мыйзамдуу негиздер болбогон жактар үчүн жеткиликтүү болуп калуучу, жеке дайындарды укук ченемсиз иштеп чыгуунун бир түрү;

79) **санариптик аутентификациялоо** – ачкычты пайдалануу менен идентификатор жана идентификатор тийиштүү болгон жактын ортосундагы байланышты тастыктоо;

80) **санарип жазмасы** – метадайындарды пайдалануу менен идентификацияланышы мүмкүн болгон санарип дайындары;

81) **санариптик идентификациялоо** – дайындардын принципалы менен мындай санарип жазмаларынын ортосундагы байланышты белгилөө максатында санарип жазмасын издөө;

82) **санарип кол тамгасы** – санарип таризиндеги башка маалыматка кошулган жана (же) аны менен логикалык жактан байланышкан жана санарип документинин өзгөрүлбөстүгүн камсыз кылуу жана санарип документинин авторун аныктоо үчүн пайдаланылган санарип таризиндеги маалымат;



72) **телекоммуникационная сеть** – цифровая технологическая система, предназначенная для предоставления телекоммуникационного сервиса;

73) **телекоммуникационное сооружение** – инфраструктура оператора телекоммуникаций, созданная или приспособленная для размещения телекоммуникационных сетей и (или) их элементов (включая базовые станции, антенно-мачтовые сооружения, антенно-фидерные устройства, линейно-кабельные сооружения, но не ограничиваясь ими), не являющаяся объектом капитального строительства;

74) **телекоммуникационный сервис** – доступные пользователям возможности использования цифровых технологических систем в целях обмена цифровыми данными с другими пользователями, в том числе путем доступа к цифровым данным, загруженным или созданным другими пользователями, а также возможности голосовых соединений по телекоммуникационной сети;

75) **трансграничная передача персональных данных** – передача персональных данных владельцам записей, находящимся под юрисдикцией других государств;

76) **удостоверяющий центр** – юридическое лицо или индивидуальный предприниматель, осуществляющие деятельность по созданию и выдаче сертификатов ключа проверки цифровой подписи;

77) **устройства цифрового благополучия** – цифровые технологические системы и их элементы, используемые в рамках сервисов цифрового благополучия;

78) **утечка персональных данных** – разновидность неправомерной обработки персональных данных, в результате которой персональные данные становятся доступны лицам, не имеющим законного основания для доступа к ним;

79) **цифровая аутентификация** – подтверждение связи между идентификатором и лицом, к которому относится идентификатор, с использованием ключа;

80) **цифровая запись** – цифровые данные, которые могут быть идентифицированы с использованием метаданных;

81) **цифровая идентификация** – поиск цифровой записи с целью установления связи между принципалом данных и такой цифровой записью;

82) **цифровая подпись** – информация в цифровой форме, которая присоединена к другой информации в цифровой форме и (или) логически связана с ней и используется для обеспечения неизменности цифрового документа и определения автора цифрового документа;

83) **цифровая среда** – не имеющая территориальных границ система общественных отношений по обработке цифровых данных с использованием цифровых устройств;

84) **цифровая технологическая система** – система цифровых устройств, программ для них и баз данных, предназначенных для обработки цифровых данных;

85) **цифровая устойчивость** – состояние цифровой среды, характеризуемое непрерывностью предоставления цифровых сервисов и пользования ими, обеспечиваемое за счет реализации мер по кибербезопасности, а также эффективного управления рисками и ресурсами;

86) **цифровая экосистема** – совокупность общедоступных цифровых технологических систем, цифровых ресурсов и цифровых сервисов, используемых для обеспечения взаимодействия субъектов правоотношений в цифровой среде по единым правилам;

83) **санарип чөйрөсү** – санарип түзүлмөлөрүн пайдалануу менен санарип дайындарын иштеп чыгуу боюнча аймактык чек арасы болбогон коомдук мамилелердин тутуму;

84) **санариптик технологиялык тутум** – санарип дайындарын иштеп чыгууга арналган санарип түзүлмөлөрүнүн, алар үчүн программалардын жана дайындар базаларынын тутуму;

85) **санариптик туруктуулук** – киберкоопсуздук боюнча чараларды ишке ашыруунун, ошондой эле тобокелдиктерди жана ресурстарды натыйжалуу башкаруунун эсебинен камсыз кылынуучу, санарип сервистерин берүүнүн жана аларды пайдалануунун үзгүлтүксүздүгү менен мүнөздөлүүчү санарип чөйрөсүнүн абалы;

86) **санарип экотутуму** – санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин субъекттеринин бирдиктүү эрежелер боюнча өз ара аракеттенүүлөрүн камсыз кылуу үчүн пайдаланылуучу, жалпыга жеткиликтүү санариптик технологиялык тутумдардын, санарип ресурстарынын, санарип сервистеринин жыйындысы;

87) **санарип тиркемеси (тиркеме)** – санарип дайындарына жетүү үчүн пайдаланылуучу, электрондук эсептөө машиналары жана башка санарип түзүлмөлөрү үчүн программаны билдирген санарип ресурсу;

88) **санарип коомдоштугу** – анын юридикалык жак статусунун болгонуна карабастан, санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин объекттерин өнүктүрүү жана (же) пайдалануу боюнча анын катышуучуларынын милдеттерин ишке ашыруу үчүн алардын жеке демилгеси боюнча жана өз ыктыярдуулук башталышта алар тарабынан түзүлгөн санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин субъекттеринин бирикмеси;

89) **санарип түзүлмөсү** – санарип дайындарын иштеп чыгууга арналган техникалык түзүлмө, анын ичинде электрондук эсептөө машинасы (ЭЭМ);

90) **санариптик** – зарыл белгиси болуп санарип дайындарын (көпчүлүк учурларда – экилик код аркылуу берилген дайындарды) пайдалануу саналган кандай болбосун кубулушту мүнөздөөчү термин;

91) **санарип архиви** – анын жардамы менен иштелип чыгуучу санарип жазмаларынын бүтүндүгүн жана өзгөрүлбөстүгүн, аларга жетүү мүмкүндүгүнүн чектелүүсүн камсыз кылуучу санариптик технологиялык тутум;

92) **санарип документи** – өзгөрүлбөстүгү идентификациялоо тутумунун эрежелерине ылайык пайдаланылуучу санарип кол тамгасынын же идентификатордун жардамы менен камсыз кылынуучу санарип жазмасы;

93) **документтин санарип жуп нускасы** – өз колу менен кол коюлган кагаз же башка материалдык алып жүрүүчүдөгү документтин түп нускасында алгач камтылган маалыматты, анын ичинде маалым даректерин толук көлөмдө кайталаган санарип жазмасы;

94) **санарип реестри** – ушул Кодексте саналып өткөн эсепке алуу объекттерин пайдалануу укуктарынын таандыктыгын тастыктоочу жазмалардан турган санарип ресурсу;

95) **санарип ресурсу** – санарип жазмаларын жана (же) санарип дайындарын сактоого жана пайдаланууга жана аларга жетүүгө арналган санарип жазмаларынын иреттелген жыйындысы, анын ичинде дайындар базасы;

96) **санарип сервиси** – санариптик технологиялык тутумду санарип дайындарын түзүү, берүү, сактоо же аларга жетүү үчүн пайдалануу мүмкүнчүлүгү;



87) **цифровое приложение (приложение)** – цифровой ресурс, представляющий собой программу для электронных вычислительных машин и иных цифровых устройств, используемый для доступа к цифровым данным;

88) **цифровое сообщество** – объединение субъектов правоотношений в цифровой среде независимо от наличия у него статуса юридического лица, созданное ими по их собственной инициативе и на началах добровольности для реализации задач его участников на основании общих правил по развитию и (или) использованию объектов правоотношений в цифровой среде;

89) **цифровое устройство** – техническое устройство, предназначенное для обработки цифровых данных, в том числе электронная вычислительная машина (ЭВМ);

90) **цифровой** – термин, характеризующий любое явление, необходимым признаком которого является использование цифровых данных (в большинстве случаев – данных, выраженных посредством двоичного кода);

91) **цифровой архив** – цифровая технологическая система, обеспечивающая целостность и неизменность обрабатываемых с ее помощью цифровых записей и ограниченный доступ к ним;

92) **цифровой документ** – цифровая запись, неизменность которой обеспечивается с помощью цифровой подписи или идентификатора, используемых в соответствии с правилами системы идентификации;

93) **цифровой дубликат документа** – цифровая запись, воспроизводящая в полном объеме информацию, изначально содержащуюся в подлиннике документа на бумажном или ином материальном носителе, подписанном собственноручной подписью, включая его реквизиты;

94) **цифровой реестр** – цифровой ресурс, состоящий из записей, подтверждающих принадлежность прав на использование перечисленных в настоящем Кодексе объектов учета;

95) **цифровой ресурс** – упорядоченная совокупность цифровых записей, в том числе база данных, предназначенная для хранения и использования цифровых записей и (или) цифровых данных и доступа к ним;

96) **цифровой сервис** – возможность использования цифровой технологической системы для создания, передачи, хранения цифровых данных или доступа к ним;

97) **цифровой сервис идентификации мобильных устройств** – цифровой сервис идентификации и проверки подлинности идентификационного кода действующих и ввозимых на территорию Кыргызской Республики мобильных устройств;

98) **цифровые данные** – пригодные для обработки с использованием цифровых устройств данные независимо от формы и способа их хранения и передачи;

99) **цифровые права** – права на объект правоотношений в цифровой среде, включающие в себя право на доступ к объекту правоотношений в цифровой среде и право устанавливать условия доступа к нему;

100) **шлюз** – цифровое устройство, обеспечивающее передачу данных между телекоммуникационными сервисами по передаче данных и предоставлению голосовых соединений;

101) **Национальный оператор телекоммуникаций** – юридическое лицо с государственной долей участия не менее 80 процентов, определенное постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики (далее – Кабинет Министров).

97) **уюлдук түзүлмөлөрдү идентификациялоонун санарип сервиси** – Кыргыз Республикасынын аймагында колдонуудагы жана ташып келинген уюлдук түзүлмөлөрдү идентификациялоонун жана идентификациялык кодунун аныктыгын текшерүүнүн санарип сервиси;

98) **санарип дайындары** – аларды сактоонун жана берүүнүн таризине жана ыкмасына карабастан санарип түзүлмөлөрүн пайдалануу менен иштеп чыгуу үчүн жарактуу дайындар;

99) **санарип укуктары** – өзүнө санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин объектине жетүү укугун жана ага жетүүнүн шарттарын белгилөө укугун камтыган санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин объектине укуктар;

100) **шлюз** – дайындарды берүү жана үн менен кошулууларды өткөрүү боюнча телекоммуникациялык сервистердин ортосунда дайындарды берүүнү камсыз кылуучу санарип түзүлмөсү;

101) **Телекоммуникациялардын улуттук оператору** – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин (мындан ары – Министрлер Кабинети) токтомунда аныкталган, 80 пайыздан кем эмес мамлекеттин катышуу үлүшү бар юридикалык жак.

**2-берене. Санарип чөйрөсүндөгү мамилелердин негиздери**

1. Ушул Кодекс санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин субъекттери сактоого милдеттүү болгон эрежелерди бекитет.

2. Ушул Кодекстин жөнгө салуу предмети болуп төмөнкүдөй деңгээлдердеги санарип чөйрөсү саналат:

1) санарип дайындарын иштеп чыгуу, санарип жазмаларын, анын ичинде санарип документтери жана санарип ресурстары түрүндө түзүү жана пайдалануу менен байланышкан мамилелер;

2) санарип сервистерин түзүү жана пайдалануу, санарип экотутумдарын куруу жана аларга катышуу менен байланышкан мамилелер;

3) санариптик технологиялык тутумдарды, анын ичинде дайындарды иштеп чыгуу борборлорун жана телекоммуникациялык тарамдарды түзүү менен байланышкан мамилелер;

4) санариптик технологиялык тутумдардын ээлеринин инфратүзүмгө (жерлерге, имараттарга, курулуштарга, курулмаларга жана башка ушуга окшош объекттерге) жетүүсүнө тийиштүү мамилелер.

3. Маалыматтын айрым түрлөрүн таратуу же анын мазмунуна жараша ага жетүү боюнча мамилелер маалымат чөйрөсүндөгү мыйзамдар менен жөнгө салынат жана ушул Кодекстин жөнгө салуу предметине кирбейт.

4. Контрчалгындоо жана чалгындоо ишинин, ошондой эле изин суутпай издөө ишинин алкагында келип чыгуучу мамилелер тиешелүү чөйрөлөрдөгү мыйзамдар менен жөнгө салынат жана ушул Кодекстин жөнгө салуу предметине кирбейт.

5. Санарип чөйрөсүн жөнгө салуунун алкагында ушул Кодекс төмөнкүдөй жол берилүүчү учурлардын өзгөчө тизмегин карайт:

1) санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин объекттерине жеткиликтүүлүктү чектөө;

2) санарип чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин объекттерине басмырлоосуз жеткиликтүүлүктү мажбурлап белгилөө.



**Статья 2. Основы отношений в цифровой среде**

1. Настоящий Кодекс закрепляет правила, которым субъекты правоотношений обязаны следовать в цифровой среде.

2. Предметом регулирования настоящего Кодекса является цифровая среда на следующих уровнях:

1) отношения, связанные с обработкой цифровых данных, созданием и использованием цифровых записей, в том числе в виде цифровых документов и цифровых ресурсов;

2) отношения, связанные с созданием и использованием цифровых сервисов, построением цифровых экосистем и участием в них;

3) отношения, связанные с созданием цифровых технологических систем, в том числе центров обработки данных и телекоммуникационных сетей;

4) отношения, касающиеся доступа владельцев цифровых технологических систем к инфраструктуре (землям, зданиям, строениям, сооружениям и иным аналогичным объектам).

3. Отношения по распространению отдельных видов информации или доступу к ней в зависимости от ее содержания регулируются законодательством в сфере информации и не входят в предмет регулирования настоящего Кодекса.

4. Отношения, вытекающие в рамках контрразведывательной и разведывательной деятельности, а также оперативно-розыскной деятельности, регулируются законодательством в соответствующих сферах и не входят в предмет регулирования настоящего Кодекса.

5. В рамках регулирования цифровой среды настоящий Кодекс предусматривает исключительный перечень случаев, в которых допускается:

1) ограничение доступа к объектам правоотношений в цифровой среде;

2) принудительное установление недискриминационного доступа к объектам правоотношений в цифровой среде.

**Статья 3. Принципы регулирования цифровой среды**

1. Регулирование цифровой среды основано на общеправовых, организационных и отраслевых принципах.

2. К общеправовым принципам, применяемым для регулирования цифровой среды, относятся:

1) справедливость и соразмерность регулирования, приоритет интересов человека как единственного конечного пользователя цифровых технологий (принцип справедливости);

2) доступность, понятность и предсказуемость правового регулирования (принцип определенности);

3) участие в выработке правил для цифровой среды всех лиц, на которых распространяются правила, напрямую или через представителей (принцип участия).

**3-berene. Санарип чөйрөсүн жөнгө салуу принциптери**

1. Санарип чөйрөсүн жөнгө салуу жалпы укуктук, уюштуруучулук жана тармактык принциптерге негизденген.

2. Санарип чөйрөсүн жөнгө салуу үчүн колдонулуучу жалпы укуктук принциптерге төмөнкүлөр кирет:

